ЖКД предметтик цикл комиссиянын 060108 «Фармация» багыты боюнча жумушчу топтун жумуш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр, ата-энелер жана студенттер менен биргеликте "Фармация" адистигинин НКББПсын максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, элективдүү курстун предметтерин тегерек столдо талкулоо

Протоколу

"15" 02 2024-жыл Өзгөн шаары.

Төрайымы: Раева К.Т.
Катчы: Муратова А.
Катышкандар:
1. Иш берүүчүлөр.
2. "Фармация" адистигинин бүтүрүүчүлөрү
3. "Фармация" адистигинин студенттеринин ата-энелери
4. "Фармация" адистигинин студенттери
5. Окутуучулар (тизме тиркелет)
Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:
1.Миссия жана максаттар менен тааныштыруу
2. 060108 «Фармация» адистигинин НКББПсын талкулоо
3.Элективдүү курстарды сунуштоо.
4.Ар түркүн маселелер

1. Угулду: Тегерек столду Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин директордун орун басары А.Г.Сулайманова ачып берип өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду: Урматуу бүгүнкү тегерек столдун катышуучулары, Фармация адистигинин НКББПсын, максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларын Сиздерге талкууга коюп жатабыз. Таанышып өз пикириңиздерди жана сунуштарыңызды бериңиздер. Азыр Фармация адистигинин программа жетекчиси жана жумушчу топ сиздерге тааныштырышат.

2Углду: Кийинки сөзгө Фармация адистигинин программа жетекчиси Жаанбаева Зулайка Нажимовна Ош МУнун эски жана жаңы миссиясы, Фармация адистигинин НКББПсын, максаттарын жана күтүлүүчү натыйжалары жөнүндө презентация жасады.

3 Угулду: ЖКД ПЦК төрайымы Раева Кыздаркан Төлөновна Фармация адистигинин окуу пландары, жүктөмдөрү жана тандоо курстары менен слайд түрүндө тааныштырып кеңири баяндама жасап кызыкдар тарпка талкууга ар бир цикл боюнча предметтерди талкууга сунуштады:

1. Жалпы гумманитардык циклынын вариативдик бөлүгүнө
   - орус
   - англис тилдери.
2. Табигый математикалык циклынын вариативдик бөлүгүнө
   - "Фармациядагы маалыматтык технологиялар"
   - "Экологиянын негиздери".
3. Кесиптик циклынын вариативдик бөлүгүнө
   - Товар таануу
   - Фармацевтикалык гигиена
   - Дары каражаттардын сапатын конторлдоо
   - Ден соолукту чыңдоо жана санитардык агартуу
   - 1С фармацияда

Жарыш сөз:

1. АО"Дарыгер" ишканасынын бухгалтери Кадыров Нурбек Арапбаевич сөзгө чыгып өз сөзүндө: студенттерге 1С программасынын системалашкан формасын, англис жана орус тилдерин окутууну, өндүрүштүк практиканы 90саат аз болгондугуна байланыштуу дагы кошууну жана ар бир фармацевт өз укугун билүүгө үйрөтүү керектигин сунуштады.

2.ЖЧК "Фармленд" фирмасынын менеджери Корабоева Нозигүл Нурали кызы төмнкүлөргө токтолду: Студенттер практикага чыкканда көбүрөөк иш кагаздарын компьютерде жүргүзүлөөрүнө күбө болушат, ошондуктан 1С программасын үйрөөтүүнү сунуштайм

3.Өзгөн ЖДПБ дарыкана жетекчиси Турдайым Кожомалиева 1С программасын жана Товар таануу предметин сунуштады.

Жарыш сөзгө ПЦК төрайымы К.Т.Раева чыгып : Окуу планында көрсөтүлгөн практикалык сабактарды өндүрүштө (дарыканаларда) өтүү жагын сунуштады.

4. ЖЧК “Фармленд” фирмасынын түштүк регионунун куратору, маркетолог Саипова Айдай практикага чыкканда орус тилин билүүсү керек экендигин жана дары каражаттарынын кинетикасын, динамикасын билүүнү айтып, фармакология предметин саатын көбөйтүүнү сунуштады. Ошондой эле биздин студенттерди сабактан кийин үйрөөнүү максатында дарыканага келип практика өтөөгө уруксат берди жана дарыкананын ичинде бардык шарттары бар экендигин баса белгилеп кетти.

5. А/О Дарыгер фирмасында иштеп жаткан бүтүрүүчү Мамадусманов Камалдин төмөнкүлөргө токтолду:

1) практикага чыккан ар бир студент өз укуктарын билүүсү керектигин, ПОПД сабакты жакшылап өздөштүрүүсүн сунуштады.

2) Ар бир фармацевт дарыканага келген кардарлар, кесиптештер менен жакшы иштөө үчүн профессионалдык психология сабактарын жакшы өздөштүрүү зарыл экендигин белгиледи.

6. А/О Дарыгер фирмасында иштеп жаткан бүтүрүүчү Абдувалиев Максудбек сөзгө чыкты: Азыркы мезгилде коллдежди бүтүрүп, Ош МУнун фармация факултетинин жогорку окуу жайында кечки курсунда окуп жатканын айтып, кесиптик предметтерден “Фармациянын экономикасын уюштуруу” предметин сааттык көлөмүн көбөйтүү керектигин белгиледи.

7. “Эламан” Мамлекеттик дарыкана пунктунун башчысы, бүтүрүүчү: А.Умаркулова жарыш сөзгө чыгып студенттерге 1курстан баштап предметтик сабактар (латын тилдери, математика) өтүлөөрүн айта кетти.

Тегерек столго катышкан кызыкдар тараптардын сунушун, пикирлерин эске алуу менен төмнөкүдөй чечим кабыл алды

Токтом

1. Маалыматтар эске алынсын
2. Жалпы гумманитардык циклынын вариативдик бөлүгүнө орус жана англис тилдери тандоого сунушталсын
3. Табигый математикалык циклынын вариативдик бөлүгүнө
   “Фармациядагы маалыматтык технологиялар” жана “Экологиянын негиздери” студенттерге тандоого сунушталсын
4. Кесиптик циклынын вариативдик бөлүгүнө: товра таануу, фармацевтикалык гигиена, дени сак адам жана коом, 1С фармацияда предметтерин тандоого сунушталсын.
5. Фармациянын экономикасын уюштуруу предметинин сааты көбөйтүлсүн.
6. Токтомдук аткарылышын көзөмөлдөө НКБППнын жетекчиси Жаанбаевага жүктөлсөн.

Төрайым: Раева К.Т.

Катчы: Муратова А.